# Мамлекеттик казына векселдер рыногу

*(2012-жылдын октябрь айы)*

**1-график. МКВга суроо-талап жана аларды жайгаштыруулар**




Октябрь айында Финансы министрлигинин мамлекеттик казына векселдерин (МКВ) жайгаштыруунун чогуу алгандагы көлөмү 2,3 пайызга өсүү менен 414,5 млн. сомду түзгөн. Суроо-талап көлөмү ай ичинде 40,9 пайызга көбөйүү менен 899,3 млн. сом чегинде калыптанган. Коммерциялык банктардын жигердүүлүгүнүн басаңдашынан улам, жүгүртүү мөөнөтү 3 айлык МКВларды сатуу 10,0 пайызга төмөндөп, 22,5 млн. сомду түзгөн. Жүгүртүү мөөнөтү 6 айлык МКВларды сатуу да 2,2 пайызга төмөндөп, 132,0 млн. сом чегинде катталган. Ал эми жүгүртүү мөөнөтү 12 айлык МКВлар сегментинде үч коммерциялык банктар тарабынан суроо-талаптан улам, сатуу көлөмү ай ичинде 6,1 пайызга көбөйүп, ал 260,0 млн. сом чегинде түптөлгөн.

МКВлардын бардык түрлөрү боюнча орточо айлык кирешелүүлүктүн жалпы көрсөткүчү кароого алынган мезгил ичинде бир айда 0,4 пайыздык пунктка көбөйүү менен 9,0 пайыз өлчөмүндө түптөлгөн. Октябрь айында 12 айлык баалуу кагаздардын кирешелүүлүгү 0,3 пайыздык пунктка көбөйгөн (10,2 пайыз). Жүгүртүү мөөнөтү 6 айлык МКВлардын орточо айлык кирешелүүлүгү да 0,2 пайыздык пунктка өсүп, 7,2 пайызды, ал эми 3 айлык МКВ – 0,5 пайыздык пунктка өсүп, 6,1 пайызды түзгөн.

**2-график. МКВ аукциондорунун көлөмүнүн жана кирешелүүлүгүнүн динамикасы**



Суроо-талаптын орточо аукциондук[1] көлөмү октябрь айында өткөн айдагы көрсөткүчкө салыштырганда 40,9 пайызга жогорулоо менен 224,8 млн. сом чегинде катталган, ал эми сатуунун орточо аукциондук көлөмү да 2,3 пайызга, 103,6 млн. сомго чейин көбөйгөн.

Октябрь айында бюджет тартыштыгынын таза каржылоо чоңдугу 55,1 млн. сомго чейин көбөйгөн. Кароого алынган мезгил ичинде Финансы министрлиги тарабынан 388,0 млн. сом суммасына МКВлардын ордун олуттуу жабуу ишке ашырылган. Ушуга байланыштуу, таза каржылоонун суммардык маанисинин айкын нарк боюнча сатуунун чогуу алгандагы көлөмүнө карата катышы катары эсептелинген МКВ рыногунун натыйжалуулугу, жыл башынан бери сентябрь айынын акырындагы көрсөткүч менен салыштырганда 0,3 пайыздык пунктка көбөйүп, 10,5 пайызды түзгөн.

**3-график. МКВларды сатуу көлөмүнүн динамикасы**




Дюрация көрсөткүчү ай ичинде жүгүртүү мөөнөтү 12 айлык МКВлардын көбөйүүсүнүн эсебинен 173 күндөн 175 күнгө чейин жогорулаган.

Октябрь айында мурунку айга караганда жүгүртүүдөгү МКВ көлөмү 3,8 млрд. сомго чейин көбөйгөн (+1,1 пайыз): мындай көбөйүү жеке адамдар-резиденттер менен юридикалык жактар-резиденттерден тышкары, баалуу кагаздарга ээлик кылуучулардын бардык негизги топторунун портфелдерине таасирин тийгизген.

Жүгүртүүдөгү баалуу кагаздардын жалпы көлөмүндө бир аз гана үлүштү ээлеген жеке адамдар-резидент эместердин үлүшү өзгөрүүсүз калган. МКВга ээлик кылуучулардын портфелин үлүштүк салыштырууда коммерциялык банктардын салыштырма салмагынын 82,1 пайыздан 82,0 пайызга чейин бир аз гана азайуусу белгиленип, ошол эле мезгилде институционалдык инвесторлордун атынан кагаздарга ээлик кылуучулардын арасында экинчи ири топтун үлүшү 0,5 пайыздык пунктка, 16,6 пайызга чейин көбөйгөн. Юридикалык жактар-резиденттердин үлүшү 1,2 пайызды түзгөн (-0,4 п.п.). Жеке адамдар-резиденттердин үлүшү да ай ичинде 0,1 пайыздык пунктка төмөндөп, 0,1 пайыз чегинде катталган.

Кароого алынган мезгил ичинде экинчилик рынокто МКВ менен операциялар ишке ашырылган эмес.

[1] Бул көрсөткүч ай ичинде суроо-талап/сунуштун жалпы көлөмүнүн ордуна пайдаланылат, анткени ай ичинде өткөрүлгөн аукциондордун саны туруксуз чоңдук болуп саналат.

**1-таблица. МКВ орточо айлык кирешелүүлүгүнүн динамикасы**

%

| Мезгил аралагы | Орточо салмактанып алынган киреш-к | Мөөнөттүүлүктүн түрү боюнча | | |
|---|---|---|---|---|
| | | 3 ай МКВ | 6 ай МКВ | 12 ай МКВ |
| Тогуздун айы'2011 | 14,2 | 8,1 | 13,4 | 15,0 |
| Жетинин айы | 14,0 | 6,9 | 13,4 | 15,0 |
| Бештин айы | 13,4 | 6,6 | 13,3 | 14,9 |
| Үчтүн айы'2012 | 12,7 | 6,4 | 12,5 | 14,3 |
| Бирдин айы | 12,0 | 6,5 | 11,3 | 13,4 |
| Жалган куран | 11,9 | - | 10,7 | 12,3 |
| Чын куран | 10,3 | 6,5 | 8,8 | 10,8 |
| Бугу | 9,9 | 6,6 | 8,1 | 10,2 |
| Кулжа | 9,4 | 6,6 | 7,8 | 10,0 |
| Теке | 8,5 | 6,3 | 7,3 | 9,4 |
| Баш оона | 8,2 | 6,0 | 7,1 | 9,4 |
| Аяк оона | 8,7 | 5,5 | 7,0 | 9,9 |
| Тогуздун айы | 9,0 | 6,1 | 7,2 | 10,2 |

*"-" жарыяланган аукциондордун баары өткөрүлбөгөн катары таанылды*

**2-таблица. МКВ кармоочулардын номиналдык нарк боюнча түзүмү**

*миң.сом*

| Датасы | Бардыгы болуп | Анын ичинде | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Улуттук банк | | Комм. банктар | | Институт. инвестор. | | Резидент жеке адамдар | | Резидент юридик. жактар | | Резидент эмес адамдар | |
| | | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак |
| 01.11.2011 | 3 608 998,0 | 0,0 | 0% | 2 967 376,6 | 82,2% | 504 377,9 | 14,0% | 14 777,8 | 0,4% | 122 465,7 | 3,4% | 0,0 | 0,0% |
| 01.12.2011 | 3 546 108,0 | 0,0 | 0% | 2 896 673,4 | 81,7% | 514 146,1 | 14,5% | 14 122,8 | 0,4% | 121 165,7 | 3,4% | 0,0 | 0,0% |
| 01.01.2012 | 3 579 218,0 | 0,0 | 0% | 2 839 461,4 | 79,3% | 584 286,1 | 16,3% | 16 694,9 | 0,5% | 138 775,6 | 3,9% | 0,0 | 0,0% |
| 01.02.2012 | 3 525 973,0 | 0,0 | 0% | 2 801 197,9 | 79,4% | 570 286,1 | 16,2% | 17 172,4 | 0,5% | 137 316,6 | 3,9% | 0,0 | 0,0% |
| 01.03.2012 | 3 642 003,0 | 0,0 | 0% | 2 839 026,4 | 78,0% | 637 663,9 | 17,5% | 20 192,3 | 0,6% | 145 120,4 | 4,0% | 0,0 | 0,0% |
| 01.04.2012 | 3 802 423,0 | 0,0 | 0% | 3 005 516,9 | 79,0% | 631 709,3 | 16,6% | 18 898,8 | 0,5% | 146 298,0 | 3,8% | 0,0 | 0,0% |
| 01.05.2012 | 3 931 115,0 | 0,0 | 0% | 3 155 496,6 | 80,3% | 623 228,2 | 15,9% | 21 541,1 | 0,5% | 130 849,1 | 3,3% | 0,0 | 0,0% |
| 01.06.2012 | 4 018 528,0 | 0,0 | 0% | 3 174 357,1 | 79,0% | 700 074,6 | 17,4% | 17 004,5 | 0,4% | 126 011,8 | 3,1% | 1 080,0 | 0,03% |
| 01.07.2012 | 4 120 877,0 | 0,0 | 0% | 3 210 203,8 | 77,9% | 780 516,2 | 18,9% | 14 226,7 | 0,3% | 114 850,3 | 2,8% | 1 080,0 | 0,03% |
| 01.08.2012 | 4 358 327,0 | 0,0 | 0% | 3 288 649,3 | 75,5% | 953 330,3 | 21,9% | 13 843,2 | 0,3% | 101 424,2 | 2,3% | 1 080,0 | 0,02% |
| 01.09.2012 | 3 850 475,0 | 0,0 | 0% | 3 156 830,1 | 82,0% | 631 022,4 | 16,4% | 8 565,8 | 0,2% | 52 976,7 | 1,4% | 1 080,0 | 0,03% |
| 01.10.2012 | 3 783 180,0 | 0,0 | 0% | 3 104 572,8 | 82,1% | 610 877,4 | 16,1% | 7 601,3 | 0,2% | 59 048,5 | 1,6% | 1 080,0 | 0,03% |
| 01.11.2012 | 3 824 430,0 | 0,0 | 0% | 3 136 291,6 | 82,0% | 636 080,9 | 16,6% | 5 034,0 | 0,1% | 45 943,5 | 1,2% | 1 080,0 | 0,03% |